Алпекова Ф.И.

# БАЛДАР БАКЧАСЫНДА МУЗЫКА САБАГЫН ПЛАНДАШТЫРУУ МЕНЕН БАЛДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ

Алпекова Ф.И.

# ЭСТЕТИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ ПУТЕМ ПЛАНИРОВАНИЯ УРОКОВ МУЗЫКИ В ДЕТСКОМ САДУ

Alpekova F.

# AESTHETIC EDUCATION OF CHILDREN BY PLANNING MUSIC LESSONS IN KINDERGARTEN

УДК: 37.036

Бул макалада балдар бакчасында балдардын эстетикалык маданиятын калыптандыруу жана балдардын курчап турган чөйрөдөгү кооздукту, сонундукту кабыл алуусун өнүктүрүү менен аларды жаратылыштагы, искусстводогу сулуулуктарды таанып билүүсүнө өбөлгө түзүү, жамандан жакшыны ажырата билүүсүн, эстетикалык табитин калыптандырып, ошондой сулуулукту өз чыгармачылыгында көрсөтө алууга, өнүгүүгө мүмкүндүк жаратуу үчүн музыкалык билим берүүнү пландаштыруу маселеси каралды. Балдарда чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүдө сезимдерди жана эмоцияларды өнүктүрүү үчүн балдар бакчасында жагымдуу шарттар түзүлсө, эстетикалык чындыкка болгон мамиле калыптанып, эстетикалык сезимдерге айланат. Балдардын эстетикалык таасирлерин билдирүүгө мүмкүнчүлүк болушу үчүн аларга үйдө да, сабак учурунда да сулуулукту көрсөтүү, тышкы дүйнөнү байкоого, ылайыктуу материалды тандоого кунт коюп көнүл буруусуна кам көрүү керек экендиги далилденди.

Негизги сөздөр: эстетикалык тарбия, күндөлүк иш план, көркөм иш-аракет, эстетикалык табит, сулуулук, музыкалык билим берүү, сабакты пландаштыруу, эстетикалык кабылдоо, чыгармачылык жөндөмдүүлүк, программалык мазмун.

В данной статье рассматривается вопрос планирования музыкального образования, развитие у детей эстетической культуры в детском саду и развитие у детей восприятия прекрасного и красоты окружающей среды, способствование познанию ими красоты природы и искусства, различать хорошее и плохое, формировать эстетический вкус, проявление красоты в своем творчестве, создание возможности развития. Если в детском саду созданы благоприятные условия для развития чувств и эмоций при развитии творческой активности детей, то отношение к эстетической действительности формируется и превращается в эстетические чувства. Доказано, что для того, чтобы у детей была возможность выразить свои эстетические впечатления, необходимо показывать им красоту как дома, так и на занятиях, наблюдать за внешним миром и уделять внимание выбору подходящих материалов.

Ключевые слова: эстетическое воспитание, ежедневный план работы, художественная деятельность, эстетический вкус, красота, музыкальное воспитание, планирование урока, эстетическое восприятие, творческие способности, содержание программы.

This article discusses the issue of planning music education, the development of aesthetic culture in children in kindergarten and the development in children of the perception of beauty and the beauty of the environment, promoting their knowledge of the beauty of nature and art, distinguishing between good and bad, forming aesthetic taste, the manifestation of beauty in their creativity, creating opportunities for development. If favorable conditions are created in kindergarten for the development of feelings and emotions while developing the creative activity of children, then the attitude towards aesthetic reality is formed and turns into aesthetic feelings. It has been proven that in order for children to have the opportunity to express their aesthetic impressions, it is necessary to show them beauty both at home and in the classroom, observe the outside world, and pay attention to the choice of suitable materials.

Key words: aesthetic education, daily work plan, artistic activity, aesthetic taste, beauty, music education, lesson planning, aesthetic perception, creativity, program content.

Эстетикалык тарбия баланын инсанын ар тараптан калыптандыруунун бир бөлүгү болуп эсептелет. Мектепке чейинки билим берүү мекемесиндеги балдарга эстетиканын таасири өтө чоң. Бөбөктөрдү кооздук, сулуулуктарга тартуу менен алардын жан дүйнөсүн байытып, балдарды күнүмдүк оюн ишмердүүлүгүндө, эмгекте жана спортто ошондой эле башка күндөлүк турмушта дагы өз колу менен сулуулукту жасоого үйрөтөт. Балдардын курчап турган чөйрөдөгү кооздукту, сонундукту кабыл алуусун өнүктүрүү менен аларды жаратылыштагы, искусстводогу сулуулуктарды таанып билүүсүнө

жетишип, жамандан жакшыны ажырата билүүсүн, эстетикалык табитин калыптандырып, ошондой сулуулукту өз чыгармачылыгында көрсөтө алууга өнүгүүгө мүмкүндүк алат. Балдардын эстетикасы турмуштук чөйрө менен практикалык тапшырмалар менен иштөөдө өнүгүүгө мүмкүндүк алат.

Эстетикалык тарбия – адамдын обьективдүү чындыкка карата болгон белгилүү эстетикалык мамилесин калыптандыруу. Эстетикалык тарбия берүү жараянында белгилүү коомдогу эстетикалык баалуулуктардын дүйнөсүнө берилүүчү мүнөздөмөлөргө ылайык инсандын ошол баалуулуктарга карата туура багыты иштелип чыгууга тийиш. Ошол эле учурда эстетикалык тарбия жараянында инсандагы обьективдүү чындыкты эстетикалык кабыл кылып, эстетикалык баалоо жөндөмүн калыптандыруу жана өстүрүү, эстетикалык табитин жана эстетикалык идеалын тарбиялоо менен анын сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылыйык чыгармачылык жөндөмүн, искусстводо, эмгек ишмердүүлүгүндө, жашоо турмушунда эстетикалык баалуулуктарды жаратуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу [1].

Советтик окумуштуу, мектепке чейинки музыкалык билим берүүнүн теоретиги Н.А. Ветлугина эстетикалык тарбия жөнүндө төмөндөгүдөй пикир айткан. Ал эстетикалык тарбияны баланын жашоодогу жана искусстводогу сулуулукту сезүү, түшүнүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, табияттын сулуулук мыйзамдарын өз каалоосу менен кабыл алуу жана каалоо, көркөм ишмердүүлүккө киришүү жана чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү катары эсептеген [2]. Бул пикир Сластенина В.А. эстетикалык тарбиялоо – Бул адамдардын искусстводогу сулуулукту жана чындыкты түшүнүү жана толук кандуу кабылдоо жөндөмдүүлүгү катары баалайт. Ал эми С.Ю. Бубнов болсо эстетикалык тарбиялоо бул – мектепке чейинки бала менен тарбиячынын биргелешкен ишмердүүлүгү - деп эсептейт.

Балдарда чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүдө сезимдерди жана эмоцияларды өнүктүрүү үчүн балдар бакчасында жагымдуу шарттар түзүлсө, эстетикалык чындыкка болгон мамиле калыптанып, эстетикалык сезимдерге айланат. Балдардын эстетикалык таасирлерин билдирүүгө мүмкүнчүлүк болушу үчүн аларга үйдө да, сабак учурунда да сулуулукту көрсөтүү, тышкы дүйнөнү байкоого, ылайыктуу материалды тандоого кунт коюп көңүл буруусуна кам көрүү керек. Анткени эстетикалык таасирленүүгө кам көрүү менен балдардын тажрыйбасын байытуу максатка ылайыктуу экенин практикада далилденип турат [3].

Эстетикалык тарбия берүү ар түрдүү уюштуруу формаларында ишке ашырылат. Бул ишке жетекчилик кылуу үчүн, «балдар бакчасында тарбия берүүчү программасына» таянып, аны пландаштыра билүү зарыл. Мектепке чейинки жаштагы балдар мекемелеринин шарттары өзүнүн мүнөзү боюнча ар башкача. Бакчага келгенден берки мөөнөтү жана өнүгүү деңгээли боюнча балдардын составы бирдей эмес. Ушул өзгөчөлүктөрдү туура айкалыштырып, мүмкүндүк берүүчү кошумча материалдарды пайдаланууда бир топ күч аракеттер талап кылынат. Ишти күнүгө пландаштыруу керек. Бир кыйла узак мөөнөттөргө (1 же 2 айга) перспективалдуу, болжолдуу план түзүп алуу пайдалуу болот, ал план тарбиячыга, музыкалык жетекчиге көрүлүүчү жалпы картинасын баамдап билип, алардын ортосунда бири-бирине болгон байланыштарды түзүүгө жардам берет.

Перспективалдуу иш жүргүзүүнүн айрым формаларын эки бөлүккө, сабактарга жана сабактан сырткаркы иштерге бириктирүүгө боло турган сабактар, майрамдар, өздүк көркөм чыгармачылык, ойноп көңүл ачуулар белгиленет. Сабактар бөлүгүндө көркөм чыгармачылыктын түрлөрү келтирилет. Андан кийин программалык мазмуну белгиленет. Бирок, ал программадан жөн эле көчүрүп алынбастан, ар кыл материал менен айкалыштырылат. Мисалы: эгерде чоң тамга менен Э. Тиличееванын «8-март күнү апама» аттуу ырын үйрөнө турган болсо, анда музыкалык жетекчи планына төмөнкүнү жазын коёт: «Жеңил үндү такалбай, буйдалбай, жай-салмак менен эркин чыгарып үйрөтүү».

Андан ары планда музыкалык, адабий репертуар сүрөттөрдүн жабыштырып, ийлеп жасала турган нерселердин тематикасы жакталат. Ошондой эле, программада балдардын мүмкүнчүлүгүнө жараша бул же тигил кварталда канча чыгарма үйрөнүү керек экени каралат. Мына ушул көрсөтмөлөрдү жетекчилике алып, тарбиячы пландаштыруу учурунда өзүнүн айкын мүмкүндүктөрүн эске алат. Кээде сунуш кылынуучу планды өзгөртүү же аны программалык талаптарга жооп берүүчү жаңы элементтер менен толуктоо керек болот. Мына ушул көрсөтмөлөрдү жетекчилике алып, тарбиячы пландаштыруу учурунда өзүнүн мүмкүндүктөрүн эске алат.

Пландын бөлүктөрүнүн биринде окутуунун натыйжаларын кандай жол менен текшерүүгө болоору белгиленет. Жашына жараша бөлүштүрүлгөн ар бир группа үчүн жылдын аягында берилүүчү болжолдуу контролдук тапшырмалар формулировкаланган.

Бүтүндөй алганда перспективалуу план система боюнча түзүлүшү мүмкүн. Өз алдынча көркөм иш-аракет кылууну пландаштыруу, андай аракет күтпөгөн жерден, балдардын демилгеси менен пайда болуп, чоң кишилердин катышуусусуз эле ишти алар өздөрү аткарып кире тургандыгы менен талданат.

Бирок мында да кыйыр жетекчилик кылуу ыкмаларын колдонуу жөнүндө унутпоо керек. Тарбиячы өзүнчө бир «Зонаны», б.а. группадагы ыңгайлуу бир жерди бошотуп, ал жерге балдардын жардамы менен өз алдынча аракет кылуу үчүн арналган окуу куралдарынын, материалдарын жайгаштырып коё алат, ал эми майрамдарды же ойноп көңүл ачууларды өткөргөндөн кийин ар түрдүү атрибуттарды ошол жакка кийире алат, аларды пайдалануу менен бала көркөмдүк жагынан алган таасирлерин көрсөтө баштайт.

Ким жардамга, ким өз күчүнө ишенбей жаткандыгын тарбиячы байкабай койбойт. Көп учурларда балдар аңгемеге, ырга, сүрөткө кызыкпагандыктан эмес, зарыл ыкмаларга али ээ бобогондуктан шыгын көрсөтө алышпайт. Педагог аларга кызыктуу материалдарды сунуш кылып, аспапты кантип ойноо керектигин көрсөтөт. Көргөн сүрөттөрдүн мазмуну жөнүндө аңгеме өткөрөт, аудиосун коюп, жомок айтып берет. Бул педагогикалык аракеттердин бир бөлүгү мурдатан пландаштырылат, башка бир бөлүгү болсо жыйынтыгында гана белгиленет.

Ойноп көңүл ачуулар, концерттер, театрлаштырылган көрүнүштөр, көрсөтүүлөр бир кыйла оңой пландаштырылат, аларды өткөрүүнүн тематикасы жана формалары мурдатан белгиленет. Ошондой эле бул оюн тамашаларды көрүп жаткан учурда балдардын кабылдоосун активдештирүүчү ыкмаларда белгиленет. Алар мезгилдүү түрдө айына 1,2 жолу уюштурулат.

Күндөлүк иш-пландарына программалык тапшырмаларды аткаруу менен катар окуу материалынын тематикасы, аткаруучу репертуары, методикалык ыкмалар кирет. Жүрүм-турум маданиятынын ыкмаларына көнүктүрүү, жаратылыштын кооздугуна байкоо жүргүзүү күн сайын өткөрүлөт. Мына ошондуктан ал иш-планда эмес перспективдүү планда көрсөтүлөт.

Күндөлүк пландын структурасы күнүмдүк пландын структурасына, көркөмдүк иштин түрүнө жараша болот. Сүрөт тартуу, жабыштырып жасоо, апликациялар боюнча өткөрүлүүчү сабактарды пландаштырууда анын темасы, программалык мазмуну, методикалык ыкмалары көрсөтүлөт. Кыраттап сүйлөөнү өнүктүрүү боюнча өткөрүлүүчү сабактарда эки тапшырма аткарууга болот мисалы, жомок айтып берүү жана ыр жаттоо.

Музыкалык сабакты пландаштыруу бир кыйла татаалыраак, анткени мында сабактын өзүнүн жүрүшүн, пьесалардын, оюндардын, көнүгүүлөрдүн, аттарын, айрым ыкмаларды көрсөтүү керек ушулардын жардамы менен программанын мазмуну өздөштүрүлөт. Бүт репертуар ырааттуу түрдө сабактын жүрүшүнө ылайык аталып чыгат.

Мисалы, ушул группада өтүлүүчү сабактын планы төмөндөгүдөй түзүлөт:

1. М.Раухвергердин «Катуураак-акырыныраак». Кыймылдагы динамикалуу өзгөрүүлөрдү чагылдырып көрсөтө билүү: Музыканын добушу катуу угулган учурда балдардын бир тобу, акырын угулуп калганда-экинчи тобу алакандарын чаап турушат.

2. Н.Любарскийнин «Чоң атанын аңгемеси» жана Д.Кабалевскиийдин «Маскарапоздор аттуу пьесаларын угуу». Мүнөзү боюнча ар түрдүү чыгармаларды салыштырып көрүү керек. Мисалы, аспаптар үчүн пьесаларындын ар түрдүү мүнөздөрүн туура кабылдоо реакциясын жана өзүнүн пикирин айтып берүүнү каалагандыкты көздөө.

3. Улама кайрыктуу элдик ырлардан ырдап үндү оңдоо. Так ыраттуу, үндү түркүн бийиктикке салып ырдап көнүгүү.

4. М. Иротскийдин «түстүү чаналар» аттуу чыгармасы. Дикциянын туура, ачык чыгышына үйрөтүү. Мисалы, ырдын текстин музыканын коштоосунун астында айкын жана даана шыбырап айтуу.

5. Э. Тиличеванын « Барабан» аттуу ыры. Обонду так аткаруу. Мисалы, тарбиячы ырдын сөзүн келтирип ырдайт, бала аны ээрчип ырдайт.

6. М. Красеевдин « Жылаажында ойноо» аттуу чыгармасы. Оюндун туура үйрөнүлүшүн текшерүү. Мисалы, балдарга өз алдынча ойноону сунуш кылуу.

Өткөрүлгөн сабактан кийин тарбиячы программалык талаптарды бардык балдар кантип аткарышканын, алардын ар бири эмнени жана кандай даражада өздөштүргөнүн жазып коет:

1. Асель менен Назгүл кыймылды так эмес башташты.
2. Группанын үчтөн бири гана тапшырманы аткара алды.
3. Музыкалык фразалардын акыркы сөздөрүн балдар ашыкча акцент менен айтышат.
4. Айгүл, Жоодар, Аскат таза, туура ырдашты. Көп балдар ырдын кайырмасын так келтире алышпады.
5. Оюнду балдардын баары жакшы өздөштүрдү.

Мына ушинтип, күндөлүк учет ар бир сабактын айкын натыйжаларын, жеке жана коллективдүү түрдө аткарылган иштин сапатын, балдардын музыканы кандай кабылдагандыгын өткөн репертуарды кандай өздөштүргөндүгү белгилеп жазып коюуга мүмкүндүк берет.

Көп түрдүү эстетикалык иш балдар бакчасынын педагогдорунан ар тараптуу билимди талап кылат. Кесиптик даярдыгынан тышкары, тарбиячы анын эстетикалык жагы жөнүндө да унутпоого тийиш.

Балдар менен тыгыз байланышта болгон күндөлүк ишинде чоң кишилер аларга дайыма ыгы менен жакшы мамиле кылуулары зарыл, алардын сүйлөгөн сөзү туура жана таасирдүү, сүйлөшүп жаткан учурда үнү бир калыпта, сырткы көрүнүшү жагымдуу болууга тийиш.

Баланын жүрүм-турум маданияты чечүүчү даражада ага коюлуучу талаптардын үзгүлтүксүздүгүнө жана туруктуулугуна байланыштуу болот. Күн сайын балдардын көңүлүн коомдук турмушка, жаратылышка жана предметтер чөйрөсүнө буруу менен педагог аларды тарбиялык максатка пайдаланат.

Балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү менен, педагог өзүнүн кырааттуу окуу, таза ырдоо, көркөм кыймылдоо, образдуу сүрөт тартуу ж.б.у.с. сапаттарды үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө милдеттүү.

Эстетикалык тарбия берүү боюнча жүргүзүлүүчү бардык ишти педагогикалык процесстин мазмунун түзүп тургандардын баарына чыгармачыл мамиле кылууну өзгөчө маңызы бар. Тарбиячынын чеберчилиги, ар бир баланын таламдары менен жөндөмдүүлүктөрүн байкай билүүчүлүк мына ушундан толугураак байкалат. Ошол себептен бир топ таршырмаларды сунуштап кетүүнү туура көрдүм.

Мисалы, жылдын аягында даярдоо группасынын акыркы сабактарында окутуунун натыйжаларын билүү маанилүү. Тапшырмалар музыкалык иштин баардык түрлөрү боюнча берилет, бирок, балдар ал тапшырмаларды күндөлүк сабакта кабылдагандай топтоштурулат. Төмөндө пайдаланууга боло турган болжолдуу тапшырмаларды келтиребиз:

- Музыка угуу;
- Сүйүктүү чыгарманы атоо, ал эмне үчүн жагаарын айтып берүү;
- Тааныш чыгарманы анын айрым бөлүктөрү боюнча башталышы, экинчи бөлүгү, акыркы жыйынтык бөлүгү ж.у.с. боюнча билүү;
- бир жанрдагы 3 пьесаны: элдик бийдин, полканы, марштын мүнөзүн аныктоо;
- 3 бөлүктөн турган форманы аныктап, ар бир жаңы бөлүктүн чыккан добушунун башталышын түркүн түстөгү фишкалар менен белгилөө;
- Композитордун тааныш пьесалардын атын атоо; аспаптык жана вокалдык музыканы айырмалоо.
- Музыкалык ритмдүү кыймылдар.
- Педагогдун тандоосу боюнча тааныш эмес ар түрдүү мүнөздөгү чыгармалардын музыкасы астында ар түрдүү персенождардын образын таасирдүү бере билүү;
- ойлонулган план боюнча бий чыгаруу;
- коюлган милдетти чечүүгө чыгармачыл мамиле кылуу менен, тааныш эмес ырды кыймылдуу инсценировкалоо, ж.б.

Мына ушундай пландаштырылган иштин натыйжасында жогорудагыдай тапшырмалар менен балдардын эстетикалык таасирленүүсүн байкоого жана эстетикалык кабылдоосун өнүктүрүүгө болот.

Адабияттар:

1. https://ky.wikipedia.org/wiki/
2. Козлова С.А., Куликова Т.А. Дошкольная педагогика: учеб. пособие – М.: Изд. ентр. «Академия», 2000. – 416 с.
3. Ветлугина Н.В. Эстетическое воспитание в детском саду. М., 1992.
4. Савельева О.П. Организация проверки знаний учащихся (на материале уроков изобразительного искусства). / Начальная школа плюс До и После. 2006. № 5. - С. 7-13.